КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз**
**XIII- сессиясынын № 188 ТОКТОМУ**

**27-февраль 2026-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Көпүрө-Базар айылына мечит курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Мыйзамына, Жер кодексине, Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө Мыйзамына жана Ченемдик укуктук актылар жөнүндө Мыйзамына ылайык, ошондой эле Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылындагы Билал бин Раббах атындагы борбордук мечитинин имамы Асанбеков Таласбектин арызынын, депутаттардын сунуш-пикирлеринин жана Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адисинин кайрылуусунун негизинде, Каракол айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы Көпүрө-Базар айылына мечит курууга макулдук берилсин.
2. Бул токтом Каракол айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
3. Каракол айылдык кеңешинин катчысы ушул токтомду белгиленген тартипте каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин төрайымынын орун басары Б. Сулаймановго жүктөлсүн.
6. Мечит куруу үчүн жер тилкесин аныктоо, тиешелүү юридикалык документтерди даярдоо жана мыйзам чегинде иш алып баруу милдети Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

Төрайым Э.Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз**
**XIII- сессиясынын № 189 ТОКТОМУ**

**27-февраль 2026-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Арал, Көпүрө- Базар айылдарына милициянын аймактык пунктун (МАП) куруу үчүн жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Мыйзамына, Жер кодексине, Ички иштер органдары жөнүндө Мыйзамына жана Ченемдик укуктук актылар жөнүндө Мыйзамына ылайык, ошондой эле коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жана айыл тургундарына сервистик тейлөө көрсөтүү максатында Талас райондук ички иштер бөлүмүнүн жана Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адисинин кайрылуусунун негизинде, Каракол айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Көпүрө-Базар айылындагы мечиттин чыгыш тарабында жайгашкан, айыл өкмөтүнүн административдик чегиндеги (айыл өкмөтүнүн карамагындагы) бош жаткан 0,05 га жер тилкеси Көпүрө-Базар айылына милициянын аймактык пунктун (МАП) куруу үчүн бөлүнүп берилсин.
2. Арал айылына күн батыш тарабынан кире беришиндеги Сейдакматов Касымбек атындагы көчөнүн түштүк тарабындагы №131 контурундагы 0,05 га жер тилкеси Арал айылына милициянын аймактык пунктун (МАП) куруу үчүн бөлүнүп берилсин.
3. Бул токтом Каракол айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Каракол айылдык кеңешинин катчысы ушул токтомду белгиленген тартипте каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин төрайымынын орун басары Б. Сулаймановго жүктөлсүн.
7. Милициянын аймактык пунктун (МАП) курууга байланыштуу тиешелүү юридикалык документтерди даярдоо, жер укугун мыйзамдаштыруу жана мыйзам чегинде иш алып баруу Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым Э.Тилеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз XIII - сессиясынын № 190 ТОКТОМУ**

**27-февраль 2026-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги айыл чарба техникаларын ижарага берүү боюнча ЖОБОну бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги айыл чарба техникаларын ижарага берүү боюнча ЖОБО менен таанышып чыгып, кезексиз сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги 8 даана айыл чарба техникаларын ижарага берүү боюнча ЖОБО бекитилсин (Жобо тиркелет).

**Төрайым Э.Тилекова**

Бекитилди
Каракол айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
27-февраль 2026-ж. № 190

# КАРАКОЛ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН МУНИЦИПАЛДЫК МҮЛКТҮ ИЖАРАГА БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамына жана башка колдонуудагы нормативдик-укуктук актыларга ылайык иштелип чыкты.

1.2. Жобо Каракол айылдык аймагынын муниципалдык менчигинде турган мүлктү ижарага берүүнүн укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт.

1.3. Бул Жобонун максаты — муниципалдык мүлктү натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү, ижара мамилелеринде ачык-айкындуулукту жана мыйзамдуулукту сактоо.

1.4. Муниципалдык мүлктү ижарага берүүчү болуп Каракол айыл өкмөтү Каракол жергиликтүү кенешинин чечиминин негизинде эсептелет.

1.5. Муниципалдык мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн бардык каражаттар Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык жергиликтүү бюджетке толугу менен чегерилет.

## 2. Негизги түшүнүктөр

Бул Жободо төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

- **Муниципалдык мүлк** — Каракол айылдык аймагына тиешелүү, баланста турган мүлк;
- **Ижара берүүчү** — Каракол айыл өкмөтү;
- **Ижарачы** — муниципалдык мүлктү ижарага алган жеке же юридикалык жак;

- **Ижара келишими** — тараптардын ортосунда түзүлгөн жазуу жүзүндөгү келишим;
- **Ижара акысы** — муниципалдык мүлктү пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акча каражаты.

## 3. Ижарага берилүүчү объекттер

3.1. Ижарага төмөнкү муниципалдык мүлк берилет:

- административдик, өндүрүштүк жана чарбалык багыттагы имараттар жана жайлар;
- айыл чарба, жол жана коммуналдык техника (тракторлор, экскаваторлор, жүктөгүчтөр ж.б.);
- транспорт каражаттары, жабдуулар, механизмдер, инвентарлар;
- жарандык жүгүртүүдөн алынбаган башка мүлк.

3.2. Төмөнкү мүлк ижарага берилбейт:

- социалдык жана милдеттүү муниципалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн зарыл болгон мүлк;
- авариялык абалдагы мүлк;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ижарага берүүгө тыюу салынган мүлк.

## 4. Ижарачыларга коюлуучу талаптар

4.1. Ижарачылар болуп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катталган жеке жана юридикалык жактар эсептелет.

4.2. Ижарачынын:

- салык жана социалдык фонддор боюнча карызы болбошу;
- муниципалдык мүлктү пайдаланууга техникалык жана уюштуруучулук мүмкүнчүлүгү болушу;
- мүлктү максаттуу пайдаланууга кепилдик берүүсү талап кылынат.

## 5. Муниципалдык мүлктү ижарага берүүнүн тартиби

5.1. Муниципалдык мүлк ижарага Каракол жергиликтүү кенешинин чечими менен берилет.

5.2. Ижарага берүү үчүн кызыкдар жак айыл өкмөтүнө жазуу жүзүндө арыз менен кайрылат.

5.3. Арызга төмөнкү документтер тиркелет:

- жеке же юридикалык жакты каттоо жөнүндө документтер;
- мүлктү пайдалануу максатын көрсөткөн негиздеме;
- ижара мөөнөтү боюнча сунуш;
- зарыл болгон учурда башка документтер.

5.4. Ижара келишими жазуу жүзүндө түзүлүп, тараптар кол койгондон кийин күчүнө кирет.

## 6. Ижара мөөнөтү

6.1. Ижара мөөнөтү келишимде аныкталат.

6.2. Муниципалдык техниканы ижарага берүү, эреже катары, кыска мөөнөткө (сааттык, күндүк же сезондук) жүзөгө ашырылат.

## 7. Ижара акысы жана аны эсептөө тартиби

7.1. Ижара акысы муниципалдык мүлктүн калдык наркына, физикалык эскиришине, кирешелүүлүк нормасына жана пайдалануунун пландалган көлөмүнө жараша аныкталат.

7.2. Муниципалдык техниканын (анын ичинде тракторлордун) ижара акысы төмөнкү формула боюнча эсептелет:

Ижара акысы = (Калдык нарк × кирешелүүлүк нормасы) ÷ пландалган пайдалануу сааттарынын саны

7.3. Күйүүчү-майлоочу материалдарга, механизатордун эмгек акысына, техникалык тейлөөгө жана учурдагы ондоого кеткен бардык чыгымдар ижарачынын эсебинен жүргүзүлөт.

7.4. Ижара акысы келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө жергиликтүү бюджетке которулат.

## 8. Тараптардын укуктары жана милдеттери

8.1. Ижара берүүчү төмөнкү укуктарга ээ:

- мүлктүн пайдаланылышын текшерүү жана контролдоо;
- ижара акысын өз убагында төлөөнү талап кылуу;
- келишим шарттары бузулган учурда келишимди бир тараптуу тартипте бузуу;
- муниципалдык мүлктү максатсыз пайдаланган учурда аны кайтарып алуу.
- Ижара мөөнөтү 12 айдан ашпоого

8.2. Ижарачы төмөнкү милдеттерди аткарууга тийиш:

- мүлктү келишимде көрсөтүлгөн максатта гана пайдалануу;
- мүлктүн техникалык абалын сактоо жана коопсуздук талаптарын аткаруу;
- ижара мөөнөтү аяктаганда мүлктү толук жана жарактуу абалда кайтарып берүү;
- муниципалдык мүлктү субижарага бербөө жана үчүнчү жактарга пайдаланууга өткөрүп бербөө.

8.3. Муниципалдык мүлктү субижарага берүү, үчүнчү жактарга өткөрүп берүү, же башкача түрдө пайдаланууга уруксат берүү КАТУУ ТЫЮУ САЛЫНАТ. Бул талап бузулган учурда ижара келишими ижара берүүчүнүн демилгеси менен бир тараптуу тартипте токтотулат жана келтирилген зыян толук көлөмдө өндүрүлөт.

## 9. Жоопкерчилик жана талаштарды чечүү

9.1. Келишимдин шарттары бузулган учурда тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

9.2. Талаш маселелер сүйлөшүү жолу менен, макулдашуу мүмкүн болбогондо сот тартибинде чечилет.

## 10. Акыркы жоболор

10.1. Бул Жобо Каракол жергиликтүү кенешинин чечими менен бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

10.2. Бул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор жергиликтүү кенештин чечими менен киргизилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз XIII - сессиясынын № 191 ТОКТОМУ**

**27-февраль 2026-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Үч-Эмчек айылына Кыргыз Почта ишканасынын имаратын курууга макулдук берүү жөнүндө**

Үч-Эмчек айылына Кыргыз Почта ишканасынын имаратын курууга макулдук берүү жөнүндөгү депутат Г. Смадиярованын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, кезексиз сессия **токтом кылат:**

1. Үч-Эмчек айылына "Кыргыз Почта" ишканасынын имаратын курууга макулдук берилсин.
2. Бул токтом Каракол айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
3. Каракол айылдык кеңешинин катчысы ушул токтомду белгиленген тартипте каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин тиешелүү тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
6. Имарат куруу үчүн айыл өкмөтүнүн карамагындагы бош жерлерден жер тилкесин тандоо жана тиешелүү юридикалык документтерди даярдоо милдети Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Торайым** **Э.Тилеков**